# “Тагдырдын табышмагы”

**Сөзү: Сагынбаев Өмүрбек**
**Обону: Туратбек  Дүйшеев**

Тагдырдын табышмагын чече албадым,
Ойлордун мен түбүнө жете албадым.
Тариелдей издеп кеткен Тахминасын,
Кол шилтеп баардыгынан кете албадым.

Кайырма:

Комуздун муңдуу күүсүн сезе албадым,
Колумду создум бирок жете албадым.
Раймаалы менен Бегимайдай дастандагы,
Тирүүлөй оттой күйүп кете албадым.

Айтып мен арманыма жете албадым,
Ак кептер болуп учуп кете албадым.
Болоттой Акмөөрүнө арнап өткөн,
Сон-Көлдөй сүйүү көлүн кече албадым.

Кайырма:

Махабат даамын чындап тата албадым,
Сүйүүнүн мен жебесин ата албадым.
Арадан канча жылдар өтсө дагы,
Сен деген сезимимди ката албадым.

Баш ийбей бул тагдырдын жазганына,
Жер кезип кайырчыдай кетким келет.
Өзүмдүн тагдырымды өзүм жазып,
Өмүрдө мен бактылуу өткүм келет.